Борбордук шайлоо
комиссиясынын төрайымы
Н.К.Шайлдабековага

Кара-Суу аймактык
шайлоо комиссиясынын
төрагасы К.Кимсановко

Ош облусу, Кара-Суу району
Папан айыл өкмөтүнүн
башчылыгына талапкер
М.Калмуратовдон
тел.(0990) 21-21-86

Арыз

Менин арыз берүүмдүн себеби төмөндөгүчө: 2021-жылдын 18-июнь күнү Кара-Суу районунун Папан айыл өкмөтүнүн башчысынын бош кызмат ордуна экинчи жолу шайлоо болуп өттү. Аталган шайлоодо айыл өкмөттүккө талапкер катары катыштым. Шайлоо 2 тур менен өттү. Биринчи турда башка талапкерлерден айырмаланып, Нурзаман Алимбеков экөөбүз эң көп добуш алып экинчи турга чыктык. Экинчи турдун жыйынтыгы менен Н.Алимбеков 11 добуш, мен М.Калмуратов 10 добуш алдык, натыйжада шайлоонун жыйынтыгы менен Н.Алимбеков жеңүүчү деп табылды.

Бирок, шайлоого чейин 3 күн мурда талапкер Нурзаман Алимбековдун бир туугандары Жогорку Кеңештин депутаты Нурбек Алимбеков жана Өзгөчө кырдаалдар министринин мурдагы орун басары Д.Алимбеков атайын Бишкек шаарынан айылга келип, ар бир айылдык кеңештин депутаттарын чакырышып жекеме жеке сүйлөшүшкөн. Кээ бир көнбөгөн депутаттарды өздөрүнүн кадыр баркына салып коркутуп же болбосо тиги жерде бүтпөгөн иштерин бар экен органдарга беребиз деп басым жасашыптыр. Мага катуу убада берген, менин программаларымды жактырган депутаттарды мени шайлабай койгонго мажбур кылышкан. Айрым такыр көнбөгөн депуттарга, (булар “Нурзаман” курулуш компаниясынын ээлери болгондуктан) 1 бөлмөлүү батир да убада кылышкан. Ошентип шайлоо башталганга чейин 1 күн калганда мага добуш бере турган депутаттарга ар кандай басымдарды жасап, ар кандай акчаларды сунушташып, кээ бирине батир убадалашып шайлоодон жеңип чыгышты.

Менин талапкерлигимди карапайым эл жана депутаттар сунушташкан жана чынчыл депутаттар акыр аягына басымдарга коркутууларга карабастан добуш беришти. Экинчи тур башталганга чейин айылдык кеңештин төрагасы да шайлоо процессине аралашып (төрага ар дайым Алимбековдордун жактоочусу болуп келген) кээ бир депуттарды чекеге тартып (мунун баарын мага караштуу депутаттар айтып келишти) ар кандай

акчалай убадаларды берип мыйзамсыз шайлоо процессине аралашты.

Кыскасын айтканда, 2021-жылдын 18-июнь күнү Папан айыл өкмөтүнүн башчысын тандоо үчүн өткөрүлгөн шайлоо басым менен, жана ар кандай шайлоо мыйзамдарына туура келбеген жагдайлар менен жыйынтыкталды.

Менин сунушум, мындай шайлоону мен таанибайм жана ошол күнкү өткөрүлгөн шайлоону жокко чыгарып берүүңүздөрдү сурайм.

Талапкер М.Калмуратов

20.06.2021ж.